*УДК: 81:81 37*

***А.Дунканаев,*** *ф.и.д., проф.*
*К.Тыныстанов атындагы ЫМУ*

# СҮЙЛӨМДҮН СЕМАНТИКАЛЫК-СТРУКТУРАЛЫК ИЗИЛДЕНИШИ

*Макалада структуралык лингвистиканын актуалдуулугу белгиленет. Сүйлөмдүн семантикалык-структуралык маселесинин изилдениши тууралуу сөз болот жана жекече көз караштар билдирилет.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Структура, сүйлөм, ой, система, белги, семантика, схема, элемент, метод.*

*В статье отмечено актуальность структурной лингвистики. Сообщество об исследовании семантика - структурной стороны предложений, а также личные взгляды к вопросу.*

***Ключевые слова:*** *Структура,предложение, мысль, система, знак, сематика, схема, элемент, метод.*

*The article pointed out theactuality of structural linguistics. Community opinions about the study of the semantic and structural side of the sentences, as well as personal attitudes to the issue.*

***Key words:*** *structure, sentence, thinking, system, sign, semantics, scheme, element, method*

Тилдин философиясынан, салыштырма-тарыхый тил илиминен, романтикалык, психологиялык, логикалык, младограмматикалык ж.б. багыт агымдардан өнүп чыккан азыркы структуралык лингвистиканын башаты дүйнөгө белгилүү окумуштуу Ф.де Соссюрдун «Тил – бул форма, субстанция эмес», «Тил – бул шарттуу алынган белгилердин системасы», «Тил – бул семантикалык система», «Тилде бардыгы байланышка негизделет» деген атактуу жоболорунан башталат. Мында тилдин ички элемент каражаттары бири-бири менен тыгыз байланышта болгон структура экендиги, тилдик каражаттар туюндурган маани жеке-жеке туруп бири-бирисиз тилдик белги боло албастыгы, демек, тилдик системанын структуралык ар бир элементи белги катары аныкталары, алардын ортосундагы байланыш, карым-катыш негизге алынары, тил жана кеп, текст жана система, структура жана модель болуп жиктештирилип, схема деңгээлдери белгиленет.

Тил илиминдеги структурализмдин жанданышы жана өнүгүүгө бет алышы XX кылымдын 20-30-жылдарына туура келет. Прага лингвистикалык мектебинин көрүнүктүү өкүлдөрү (С.Карцевский, В.Матезиус, В.Скаличка, Р.Якобсон, Н.Трубецкой) тилди функционалдык система, ушунун негизинде тил белгилүү бир максатка багытталган, же белгилүү бир максатты туюндуруучу, билдирүүчү каражаттардын системасы; фонология, грамматика, адабий тил жана кеп маданияты; тилди териштирүүнүн синхрондук жана диахрондук методду колдонуунун жаңы мүмкүнчүлүктөрү сыяктуу маселелерди көтөрүшсө , Копенгагендик глосемантика өкүлдөрү (В.Брендаль, Л.Ельмслев) тилдин иманенттүү мүнөзүн, андагы карым-катыш, байланыштын структурасын изилдөөнү глоссематиканын теориялык максаты деп эсептеп, «тил» деген түшүнүктү өтө кеңири мааниде карашат. Табигый тыбыштык тил кеңири маанидеги «тилдин» бир гана көрүнүшү, б.а. кеңири маанидеги тилге тыбыш, тамга, телеграф белгилери, символдор, жарык сигналдар ж.б. кирет. Мындай тилге структуралык мамиле жасоону, лингвистиканын аксиоматикалык, универсалдуу теориясын түзүүнү принцип тутушкан. Американык дескриптивдүү лингвистиканын (Ф.Боас, Л.Блумфильд) жаралышында жана өнүгүшүндө негизинен эки өзгөчөлүктү белгилеп жүрүшөт: 1) Тилдердин бардыгы бири-бирине тектеш, жакын болгондуктан, т.а., көпчүлүк тилдер өз ара кескин айырмаланышкандыктан, ар бир тил өзүнүн тыбыштык типтерине, формаларына жана маанилерине жараша индуктивдик принциптин негизинде жекеден жалпыга карай сыпатталышы керек. Чындыгында буга чейин традициялык грамматикалар тилдин жеке өзгөчөлүгүндө эмес, бардык тилге мүнөздүү жалпы орток белгилерге таянуунун негизинде гана иштелип келген. 2) Тилдик материалдарды ошол элдин маданияты, тарыхы, психологиясы менен тыгыз байланышта карашкан. Ошондуктан тилди адам ишмердиги, кулк-мүнөзү , жүрүм-туруму, элдин жал-

пы психологиясы менен ажырагыс биримдикте деп билишкен. Негизинен тилдин кайталангыс кубулуш экендиги жөнүндөгү маселеге да басым жасашкан.

Синтаксистин негизги обьектилеринин бири – сүйлөм. Сүйлөмдүн грамматикалык табияты негизинен түзүлүшү жана айтымдык өзгөчөлүктөрү боюнча аныкталат. Сүйлөм түзүлүшүн уюштуруп турган бөлүктөрдүн бөтөнчөлктөрүнө, маанилик туюундурулуш ыгына жараша, ошондой эле синтаксистик категориялардын катышына карата жөнөкөй жана татаал сүйлөм болуп эки негизги түргө бөлүнөт. Булар өз кезегинде ички мүмкүнчүлүктөрүнө байланыштуу, т.а., баш мүчөлөрүнүн сүйлөм тутумунда катышып турушуна жалпы эле сүйлөм мүчөлөрүнүн толук, толук эмес болушуна, татаал сүйлөмдүн составындагы жөнөкөй сүйлөмдөрүнүн байланыштуу жолдоруна, алардын маанилик мүнөзүнө карай өз ич ара дагы башка түрлөргө ажырап классификацияланат. Жөнөкөй сүйлөмдөрдүн табияты сүйлөм мүчөлүк милдет аткарган сөздөр менен жана грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр менен да уюшулуп, алардын негизинде келип чыккан өзгөчө сүйлөм түрлөрүн шарттайт. Бул аркылуу тилде сүйлөмдүн түзүлүш мүмкүнчүлүктөрү абдан кеңири экендигин көрүүгө болот. Бир жөнөкөй сүйлөм экинчи бир кеңитилген, же татаал сүйлөмдүн уюшулушунда база болуп, уютку болуп кызмат аткарат: 1. Мен келдим. 2. Мен шаардан келдим. 3. Мен шаардан кечээ келдим. 4. Мен келдим, иш бүткөн жок ж.б. Мисалдагы 1-жөнөкөй сүйлөмдүн базасында 2-жана 3-жөнөкөй сүйлөмдөрдүн кеңейтилген, конкреттештирилген түрлөрү келип чыкса, 4-сүйлөм 1-сүйлөмдүн негизинде татаал сүйлөмгө айланды. Ырасында, ар бир сүйлөм өзүнчө түзүлүштүк бүтүндүктө, маанилик ажырымдык түшүнүктө уюшулуп калды.

Татаал сүйлөмдүн табияты болсо, эки, же андан көп жөнөкөй сүйлөмдөрдүн өз ара маани жактан да, структуралык жактан да бир бүтүнгө биригиши, айланышы аркасында шартталат да, биринчи де ңгээлдеги синтаксистик категориялардын өз ара катыш базасында турат (А.Жапаров. 1979: 13). Негизинен сүйлөмдүн грамматикалык түзүлүшүндө жөнөкөй жана татаал, бир составдуу жана эки составдуу, кемтик жана толук, тең байланыштагы жана багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөр сыяктуу маселелер каралат да, алардын мүнөздүү өзгөчөлүктөрү териштирилет. Айтымдык табияты боюнча жай, суроолуу, илептүү жана буйрук сүйлөмдөр деп бөлүштүрүлөт да, маанилик мүнөзү жагынан ар кыл өзгөчөлүктөргө ээ болуп тургандыгын көрсөтөт. Жалпысынан сөз болгон бул маселелер жана алардын ар биринин ички мүнөздүү өзгөчөлүктөрү тууралуу салттуу грамматикада көптөгөн илимий-изилдөө иштери жүргүзүлүп келгендиги маалым. Ошондуктан биздин илимий-иликтө өбүздүн багытына тууралап буларга учкай гана токтолдук.

Аталган пункттардан улам, тилдин татаал кубулуш экендигин анын негизги бирдиги болгон сүйлөмдүн мисалында көрсөтүүгө туура келди. Анткени бул бөлүмдөгү биздин иликтөөбүздүн негизин түзгөн «семантикалык структуранын» башаты дал ушул маселелерден өнүп чыгат.

Сүйлөмдүн семантикалык структурасын анализге алууда анын алгачкы баскычын жогорудагы маселелер түзөрүн, ал грамматикалык талдоодон башталарын Н.Ю.Шведова (1974: 107), В.Г.Адмони (1976: 6), О.И.Москальская (1974: 46), Т.Б.Ульянова (1974: 4), И.Х-.Ахма-тов (1983: 116) сыяктуу окумуштуулар белгилеп келишкен. Алар сүйлөмдүн семантикалык структурасын аныктоодо салттуу грамматиканы биринчи баскыч деп эсептеп, андан соң, сүйлөмдүн синтаксистик моделдериндеги лексикалык орундук толуктоолорду, сүйлөмдүн маанилик структурасындагы жана семантикалык компоненттердин калыптанышындагы маселелерди карашат. Синтаксистик окуунун эң зарыл маселеси катары жеке тилдердеги сүйлөмдүн синтаксистик жана семантикалык моделдеринин тизмелерин түзүүнүн, ачык айкындуулугун камсыздоону көпчүлүк окумуштуулар колдоого алышкан да, ушул багытта иликтөөлөрдү жүргүзүшкөн. Ушундан улам, XX кылымдын 70-жылдарынан баштап, айрыкча, сүйлөмдүн семантикалык структурасына олуттуу көңүл бурулуп, теориялык эмгектер жарала баштайт. Бул багыттагы илимий-изилдөөлөрдүн чордон-негизин түзгөн Б.Г.Гактын (1979), Г.Б.Алисованын (1971), И.Х.Ахматовдун (1983), В.С.Храковскийдин (1973), В.В.Богдановдун (1977), Б.Тойчубекованын (1983), И.П.Сусовдун (1973), Н.Д.Арутюнованын (1976), Т.П.Ломтевдин (1979), С.Н.Абдуллаевдин (1992), ж.б. көптөгөн окумуштуулардын эмгектерин баса белгилөөгө болот.

Илимий изилдөөлөрдө сүйлөмдү татаал тилдик белги катары кароо менен, анын семантикалык структурасын ар кыл көз караштардан туруп, ар тараптуу талдоолорго алышат. Мында биринчи кезекте, сүйлөмдүн семантика структурасынын маңызы, андагы тилдик элемент-бирдиктердин маани-мазмундук мүнөзү, байланыш, катыш өзгөчөлүктөрү, алардын номенклатурасы, типологиясы, семантика-структуралык моделдештирүү, мазмун жана форма маселелери каралат. Сүйлөм татаал тилдик белги катары эки тараптуу: форма жана мазмун жагынан мүнөздөлөт. Сүйлөмдүн формасы жана мазмуну белгилүү структурада болот. Предикативдик тилдик белги катары сүйлөмдүн толуктугу, бүтүндүгү, ар тараптуулугу эске алынып, ал мазмундук жана формалык жактары менен шартталат. Методологиялык принциптин тартибинде сүйлөмдү семантикалык-структуралык талдоого алууда, анын негизин мазмун менен форма түзүп тургандыгын, алар диалектикалык ажырагыс байланышта караларын көңүл борборунда тутуу керек. Экинчи жагынан, мазмун менен форманын жаралышы тилдик компоненттерге көз каранды болоору өтмө катар ички түшүнүктү шарттап турат. Көпчүлүк изилдөөчүлөр сөздөрдүн семантикалык структурасын аныктоодо андагы семантикалык компоненттердин (элемен-бирдиктердин) сүйлөмдө алган ордуна, мүнөзүнө, лексикалык табиятына, байланыш, катышына, функциясына айрыкча маани беришет. Арийне, азыркы тил илиминде семантикалык компоненттердин функциясын тактаган, далилденген, башкача айтканда, бир нукка салынган универсалдуу системасы жок. Ушуга байланыштуу бир катар илимий эмгектерде семантикалык компоненттердин функциясын ар түрдүү аталыштар менен ар түрдүү мүнөздөп жүрүшөт. Атап айтканда, В.Г.Гакта муну актант деп атап, жети түрүн көрсөтсө, Н.П.Сусов семантикалык функциянын, же

релятеманын сегиз түрүн келтирет. Семантикалык структуранын орус тилиндеги үч мүчөлүү конструкциясын И.В.Альтман алты мүчөлүү конструкция деп киргизет. Т.Б.Алисова менен В.В.Богданов белгилүү каражаттар менен берилүүчү семантикалык функциянын он төрт түрүн келтиришет. У.Л.Чейф семантикалык катыштын жети түрү жөнүндө жазып, алардын зарылдыгын белгилейт. Ч.Филлмордун акыркы эмгегинде семантикалык жөндөмөлөрдүн: агенс, субьект, кабыл алуу, адресат, курал, объект, булак, максат, орун, мезгил түрлөрү сунуш кылынарын В.Б.Касевич белгилейт. Ю.Д.Апресян семантикалык валенттүүлүктүн 25 түрүн аныктайт. Ал көрсөтүлгөн валенттүүлүктүн тизмеси толук эместигин, аны дагы көбөйтүүгө мүмкүн экендигин айтат да, алардын жардамы менен сүйлөмдүн кеңейтилген, тереңдетилген структурасын ачып берүүгө боло тургандыгын ишенимдүү билдирет. Бул маселенин лингвистикалык адабияттарда мындан да көп түрү белгилегендигин көрсөтүүгө болот. Маселен, Н.Н.Леонтьева семантикалык мамилелердин 50 түрүн аныктайт. Н.Н.Арват сүйлөмдүн семантикалык структурасынын өзгөчөлүү компонентн сунуш кылат. Семантикалык компоненттердин эң туурасы да, эң ишенимдүүсү да, эң далилдүүсү да Арваттыкы болуп саналат. Сүйлөмдүн семантикалык компонент катары ал предикатты, субьектини, объектини, атрибутту жана ал-абалдын, же кыймылдын конкретизаторун сунуш кылат да, аталган семантикалык компонеттердин ар бири өздөрүнчө мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү алып жүрөрүн көрсөтөт. Сүйлөмдүн семантикалык структурасы маселесине арналган көптөгөн эмгектерди кеңири жана ар тараптуу талдоого алган И.Х.Ахматов мындай көз караштарды салыштыра келип, алардын ар түрдүү аталыштарын жана ар кыл сандык көрсөткүчтөрүнүн келип чыгыш себептерин көрсөтүп, объективдүү баа берип, булардын ичинен ынанымдуусу катары Н.Н.Арваттын көз карашынын тууралыгын (1983: 68-70) белгилейт. Н.Н.Арваттын бөлүштүрүүсүн колдоого алган И.Х.Ахматов сүйлөмдүн маанилик түзүлүшүндөгү семантикалык компоненттерди жана алардын ар бирине тиешелүү маанилик өзгөчөлүктөрдү эскертүү менен предикат-субъект-объект-конкретизатор-атрибут тартибинде (1983: 112) берет. Чынында, сүйлөмдүн семантикалык структурасындагы негизги факторлор катары алынган семантикалык компоненттердин мүнөздүү өзгөчөлүктөрү алардын ортосундагы катыш-мамилелер аркылуу аныкталат. Субъектинин субъектилик, объектинин объектилик, предикаттын предикаттык касиети жалпы маанилеринен сырткары (жалпы маанилер сүйлөмдүн грамматикалык түзүлүшүндө деле ачык билинип турат), алардын ички маанилери, мүнөздөрү өздөрү менен грамматикалык байланышта, синтаксистик катышта турган компоненттердин сапат-касиетинен да келип чыгат:

Асан үйдөн келди.
Асан үйгө келди.

Шарттуу алынган бул эки сүйлөм грамматикалык түзүлүштөрү боюнча эки составдуу жөнөкөй сүйлөм, сүйлөм мүчөлөрүнүн (ээ-бышыктооч-баяндооч) катышы боюнча да окшош. Сүйлөмдүн келди, келди этиштик баяндоочтору кыймыл-аракеттик жалпы маанилери жагынан бири-биринен негизинен эч айырмасыз. Бирок сүйлөмдүн семантикалык структурасында келди, келди компоненттери предикат катары Асан, Асан субъектилери, үйдөн, үйгө объектилери менен катышта туруп, кыймыл-аракеттик маанилеринин белгилүү бир өзгөчөлүктөрүн шарттайт. 1-сүйлөмдөгү келди предикатынын кыймыл процессии кайдан башталгандыгын үйдөн объектисинин негизинде так билдирип турса, 2-сүйлөмдөгү келди предикаты 1-сүйлөмдөгү келди предикаты менен кыймыл-аракеттик маанини туюндурушу жана формасы жагынан эч айырмасыз келсе дагы, кыймыл процессинин кайдан башталгандыгы таптакыр белгисиз. Экинчиден, 1-сүйлөмдөгү үйдөн объектилик катыштагы компоненти келди этиштик предикатына багыныңкы абалда туруп, кыймыл-аракеттин чыккан ордун билдирсе, 2-сүйлөмдөгү үйгө объектилик катыштагы компоненти келди этиштик предикатына багыныңкы байланышта келип, кыймылдын багытын ачык көрсөттү.

Ошондой эле тилде сырткы түзүлүшү жагынан окшош келген сүйлөмдөр колдонулат: 1.Жан кирди. 2.Түн кирди. 3.Асан кирди. 1-жана 2-сүйлөмдөрдө кыймылды аткаруучу субъект катышкан жок. Субъектини катыштыруунун зарылдыгы да жок, так айтканда, мындай сүйлөмдөрдүн семантикалык-структуралык өзгөчөлүгү кыймыл-аракетти аткаруучу субъектини талап кылбайт. Б.Тойчубекова: «Булар сырткы формасы боюнча эки составдуу сүйлөмдөргө окшош өңдөнүп турганы менен, кыймыл-аракетти, ал-абалды, кыймылдык белгини алып жүрүүчү жандуу заттар менен эч кандай жакындыгы жок. Алар аркылуу жаратылыштын бир көрүнүшү, өзүнчө бир бүтүн прцесси гана баяндалат. Мына ошону үчүн буларда кыймыл-аракеттин, белгинин субъектиси жок. Дегеле мындай сүйлөмдөр кыймыл-аракеттин, белгинин субъектисине ээ эмес» (Б.Тойчубекова, 1983: 23-24), - логикалык объективдүү баа берет. Бул ойду толук кубаттоого болот. Кошумчалай турган нерсе, Жан кирди. Түн кирди сыяктуу структуралык түзүлүштөгү сүйлөмдөр предикаттан гана турат. Сүйлөм тутумундагы: жан, кирди; түн, кирди компоненттери өз ара ажырагыс байланышта келди да, лексика-семантикалык бир бүтүндүктү түздү - Жанданды. Караңгыланды. Компоненттердин ширешүүсү дал ушул лексика-семантикалык бир бүтүндүктү уюштуруп, предикативдик мүнөздү жаратты. Натыйжада Асан кирди сүйлөмдөрүнөн айырмаланган семантикалык-структуралык түзүлүштү шарттады. 1. Жан кирди. 2. Түн кирди сыяктуу сүйлөмдөрдүн лексика-семантикалык бир бүтүндүгүн суроо берүү менен да тактасак болот: -Эмне болду? -Жан кирди. –Эмне болду? –Түн кирди. 3-сүйлөмдөгү (Асан кирди.) кирди сөзү жандуу заттын ачык кыймыл-аракетин жекече лексикалык мааниси аркылуу туюндуруп турат. Ошон үчүн өз алдынча суроого жооп болуп түшө алат: - Асан эмне кылды? - Асан кирди. Бул сүйлөм – эки составдуу жөнөкөй сүйлөм. Кыймыл-аракеттин аткаруучу субъектиси – Асан, кирди-предикат. Сүйлөмдөгү кыймыл-аракетке мүнөздүү суроолордон да алардын семантикасындагы өзгөчөлүктү байкоого болот. 1-2-сүйлөмдөгү кыймыл-аракетке эмне кылды? деген суроону коюуга болбойт. Анткени, эмне кылды? деген суроо жандуу заттын гана кыймылдык маанисин аныктоочу суроо. Дагы бир белгилей кетчү жагдай, 1-2-сүйлөмдөрдө кыймыл-аракеттин, ал-абалдын аткаруучу субъектилери катышпастан, жандын

жана түндүн кыймылы гана туюндурулгандыктан, кирди сөздөрү түн жана жан сөздөрүн өздөрүнө синирип алгандай. Муну айтып жатканыбыздын жөнү, аталган сүйлөмдөрдө жан жана түн зат атооч сөздөрү катышып турса да, сүйлөмдүн синтаксистик-семантикалык мазмуну кыймыл-аракеттик мааниге оодук болуп турат. Сүйлөмдүн ушул мазмунунда, ушул түзүлүшүндө аларга мүнөздүү мындай жалпылыктарды: а) сырткы түзүлүш формасы боюнча окшоштугун; б) кыймылдык процессти туюндурганыгын; в) кыймыл-аракетти аткаруучу субъектилердин катышпастыгын; г) лексика-семантикалык бүтүндүктөгү биримдигин көрсөтүүгө болот. Бирок бири-биринен айырмасыз көрүнгөн бул кыймыл процессинде, компоненттеринин ажырагыс биримдигин шарттаган карым-катышында кандайдыр бир семантикалык өзгөчөлүктөрдүн бар экендигин баамдоого болот: а) 1-сүйлөмдөгү кирди компоненти нерсенин кыймылынын абалын атаса, 2-сүйлөмдөгү кирди компоненти аркылуу жаратылыштык көрүнүштүн кыймылы аталды. б) 1-сүйлөмдө ошол учурда пайда болгон кыймыл, 2-сүйлөмдө дайыма болуучу кыймыл. Тилдин коммуникативдик функциясында, пикир алышууда ойду билдирүүнүн ар түрдүү жолдору колдонулат. Алардын ар түрдүүлүгү айтымдык өзгөчөлүгү боюнча да аныкталат. Айтылыш ыгына карай сүйлөмдүн маанилик типтеринин келип чыгышы да ушундан улам болуп саналат. Кыргыз тилинин материалдарында айрым учурларда жогорудагыдай сырткы формасы боюнча окшош түзүлүштөгү сүйлөмдөр гана учурабастан, сүйлөмдүн структурасындагы компоненттердин санынын бирдейлиги, ошол эле сөздөрдүн пайдаланылышы, байланышуу жолдорунун окшоштугу боюнча да эч айырмасыз түзүлүштөгү сүйлөмдөр колдонулат. Чынында, эч айырмасыз көрүнүшү мындай сүйлөмдөрдү бир сүйлөм катары кароого негиз берет:

Демек, сүйлөмдүн семантикалык структурасындагы кандай гана компоненттер болбосун, аң-сезимдеги ойдун туюндурулушуна ылайык, өз ара байланышта, катышта уюшулуп, айрым шарттарда, грамматикалык бирдей формада келсе да, айырмалуу маани өзгөчөлүктөрдү жаратуу менен, белгилүү бир максат-мүдөөгө багытталат. Семантикалык компоненттердин карым-катышы, байланыш мүнөзү, логикалык биримдүүлүгү, системалуулугу, интонациялык-айтымдык жабдылышы, белгилүү бир максаттык функциясы структуралык бүтүндүктү түзөт. Айрым окумуштуулардын: «Башка структуралардай эле, сүйлөмдүн семантикалык структурасы анын элементтеринин ортосундагы мамилелерден жана чырмалышкан көз карандылыктардан турган бүтүндүк» (Ю.Степанов. 1966: 117). «Ошондуктан сүйлөмдүн семантикалык-структуралык спецификасын ачып берүү үчүн компоненттердин спецификасын, алардын уюшулушун жана карым-катыш мүнөзүн аныктоо зарыл. Бул үчүн аталган элементтердин кантип калыптангандыгын билүү керек. Сүйлөмдүн семантикалык структурасынын калыптанышы кандай татаал болсо, анын элементтеринин жаралышы да ошончолук татаал» (И.Х-.Ахматов. 1983: 74). «Бардык синтаксистик структура сүйлөм тутумундагы элементтердин байланышынын саны менен гана эмес, байланышынын мүнөзү боюнча да аныкталат» (Г.А.Золотова, 1973: 14), «Сүйлөмдүн семантикалык структурасы семантикалык компоненттерден: предикат, субъект, объект, конкретизатор, атрибуттан турат. Булар компоненттердин жөн гана жыйындысы эмес, а өз ара түркүмдөшкөн мүнөзгө ээ жыйынтыктуу синтез» (С.Н.Абдуллаев. 1992: 10), - деп айткандары өйдөдөгү биздин көз карашты бекемдеп турат.

Ошентип, сүйлөмдүн семантикалык структурасынын калыптанышы, анын негизи: 1) сүйлөм тутумундагы семантикалык компоненттери, алардын функциялары; 2) сүйлөм түзүлүшүндөгү компоненттердин грамматикалык байланышы, синтаксистик катышы; 3) сүйлөм компоненттеринин синтаксистик позициясынын спецификасы жана бул позицияны категориалдык-лексикалык толуктоо; 4) сүйлөм компоненттеринин өз ара мамилелеринин, катышынын таасири, жыйынтыктары, алардын мүнөзү; 5) лексикалык жана синтаксистик семантиканын өз ара аракеттенишүүсү аркылуу жүзөгө ашырылат.

***Адабияттар:***


1. *Абдуллаев С.Н. Структурно-семантические модели простого предложения в современном уйгурском языке. – Каракол: Госпед-институт, 1992. –96 стр.*
2. *Ахматов И.Х. Проблемы семантического анализа простого предложения. – Нальчик: Изд. Кабардино-Балкар. ун-та, 1979. – 99 стр.*
3. *Ахматов И.Х. Структурно-семантические модели простого предложения в современном карачаево-балкарском языке. – Нальчик: Эльбурс, 1983. – 360 стр.*
4. *Жапаров А. Кыргыз тилинин синтаксиси. – Фрунзе: 1979. –323 б.*
5. *Золотова Г.А. Очерк функционального синтаксиса русского языка. – М.: Наука, 1973. –351 стр.*